**Вацлав Гавел:**
**«Дүйнө бирөө... бизде башка дүйнө жок жана болбойт дагы»**

# «Бир Дүйнө Кыргызстан - 2011»

## адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалы



# Фестивалдын Багыттамасы

## Фестивалдын көрүүчүлөрүнүн саны

| Күнү | Регион | Дареги | Көрүүчү-лөрдүн саны |
|---|---|---|---|
| Мектеп программасынын алкагындагы көрсөтүүлөр 2011-жылдын май айынан баштап Бишкек шаары жана Кыргызстандын региондору боюнча (Ош, Жалал Абад, Ысык Көл, Нарын, Баткен, Талас жана Чүй областары ) | | | 3047 |
| 27 сентябрь - 2 октябрь | Бишкек шаары | «Манас» Кинотеатры Кино үйү | 4243 |
| ноябрь-декабрь | г.Бишкек | Вузы и школы г.Бишкек | 1555 |
| **ФЕСТИВАЛДЫН АЙМАКТАРДАГЫ ТУРНЕСИ** | | | |
| 4-5 октябрь | Талас | А.Огонбаев атындагы Музыкалык мектеби | 700 |
| 4-5 октябрь | Каракол | Каракол шаарындагы Музыкалык окуу жайы | 1200 |
| 7-8 октябрь | Нарын областы<br>Ат Башы айылы<br><br>Нарын областы<br>Ак Муз айылы | Карыбек уулу Акматаалы атындагы орто мектеби<br><br>Ак Муз маданият үйү | 925 |
| 7-8 октябрь | Ысык Көл областы, Балыкчы шаары | Манас атындагы орто мектеби | 750 |
| 11-12 октябрь | Ош областы, Ош шаары | «Семетей» Кинотеатры | 980 |
| 14-15 октябрь | Джала-Абад областы Джалал-Абад шаары | Филармония | 800 |
| 17-18 октябрь | Баткен областы Исфана шаары | Маданият үйү | 351 |
| **ФЕСТИВАЛДЫН ТАЖИКСТАНДАГЫ ТУРНЕСИ** | | | |
| 20 октябрь | Таджикистан Чкаловск шаары | Орто мектеби | 120 |
| 21 октябрь | Таджикистан Табошар шаары | Маданият үйү | 418 |
| Аялдар баардыгы | | | **62%** |
| Эркектер баардыгы | | | **48%** |
| Жаштар (15-35) | | | **87%** |
| Ички мигранттар – Бишкек шаарынын жаңы конуштарынын жашоочулары | | | **348** |
| **БААРДЫГЫ** | | | **15534** |




## «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын Багыттамасы

| Күнү | Регион | Дареги |
|---|---|---|
| 4-5 октябрь | Талас областы, Талас шаары | «Кырк Чоро» Кинотеатры |
| 4-5 октябрь | Ысык Көл областы, Каракол шаары | Каракол шаарындагы Музыкалык окуу жайы |
| 7-8 октябрь | Нарын областы, Атбашы айылы,<br><br>Акмуз айылы | Карыбек уулу Акматалы атындагы орто мектеби<br><br>Ак Муз Маданият үйү |
| 7-8 октябрь | Ысык Көл областы Балыкчы шаары | «Манас» атындагы орто мектеби |
| 11-12 октябрь | Ош областы, Ош шаары | «Семетей» кинотеатры |
| 14-15 октябрь | Жалал-Абад областы, Жалал-Абад шаары | Т. Тыныбеков атындагы филармониясы |
| 17-18 октябрь | Баткен областы, Исфана шаары | Маданият үйү |
| **ТАДЖИКИСТАН** | | |
| 20 октябрь | Таджикистан, Чкаловск шаары | Орто мектеп |
| 21 октябрь | Таджикистан, Табошар шаары | Маданият үйү |
| 22 октябрь | Таджикистан, Худжент шаары | «Согд» билим берүү жана маданият программалары борбору |



**«Өтүкчү»**, реж. Нурлан Разакулов, продюсер Улан Исакбеков, «Кинематография өнүктүрүү» коомдук фонду, 2011, 26 мин.

**Синопсис.** Өтүкчү Куртка айылынын жашоочуларын жана тегеректеги аймактардын жашоочуларын көз ирмемде камсыздандырат. Ал эми, Бакыт Мамбетакунов өзү – абдан жакшы адам, ал жердештеринин жеке маселелерин дагы бөлүшө алат жана айылдыктар үчүн алмашылгыс адис.



**«Отко чуркаган бала»**, реж. Бакыт Турдубаев, продюсерлер Фархад Бекманбетов, Садык Шер-Нияз, «Айтыш-фильм» кино фонду тарабынан даярдалган, 2011, 19 минут

**Синопсис.** Тасмада эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу баяндалат.



**«Меккеге карай жол»**, реж. Асель Жураева, «Кыргызфильм» киностудиясы тарабынан тартылган, 2010, 20 мин.

**Синопсис.** Тасма КРнын Ош областынын анча чоң эмес айылынын тургуну 70 жаштагы Сулайман Турдубаев тууралуу. Ал көп жылдар бою Ажыга баруу тилеги менен жашап, акча жыйнап жүргөн. Мына ошентип алыскы сапарга чыгуу үчүн тыйын жыйнагандан соң, капыстан анын оюна өз айылындагы Улуу Ата Мекендик согуштан каза болгон баатырларга арналып коюлуп, урап жаткан эстеликти ондоо тилеги келет. Мына ошентип буга анын чогулткан баардык каражаты жумшалат.



**«Свет»**, реж./продюсер Жакен Чотой, Алтай Синема Груп» өндүрүшү, 2011, 22 мин. - 2011 «Шакен Жылдыздары» Эл аралык конкурсунун катышуучусу.

**Синопсис.** Кичинекей тоолуу айылдын өзүнө тиешелүү жашоосу, өз маселелери бар, булардын кайсынысы маанилүү – көрүүчүлөр өздөрү чечип алышат. Бул даректүү тасма биздин курчап турган жарыкчылык, биздеги жана биздин ичибиздеги жарык тууралуу.



**«Кайыкчы»**, реж. М. Абдыкалыков, продюсер Улан Исакбеков, КФ «Кинематография өнүктүрүү фонду», 2011, 23 мин.

**Синопсис.** Нарын дарыясында жасалган жасалма көл аркылуу элдерди бир жээктен экинчи жээкке өткөрүп жатып, кайыкчы Жаныбек Кыргызстандын баардык аймагындагы цивилизациядан четтеп калган элдерди байланыштырат.



**«Куру кыял»**, реж. Нишана Жееналиева, Актан Рыскельдиев, продюсер Темир Бирназаров и Эмиль Сатпашев, «Тазар» өндүрүшү, 2010, 20 минут.

**Синопсис.** Бул тасманын авторлору кумар оюндарынан көз каранды болуунун себептерин ачып бергиси келген. Казино, оюн автоматтары, карта – жеңил ойлуу жашоонун атрибуттары. Акча табуунун бул түрүн кимдир бирөө жеңил акча табуунун түрү катары жаман көрсө, а экинчи бирөөлөргө бул жомоктогудай киреше алып келет. Оюндан акча табуунун бул түрүн социалдык көз караштан алып карап көрсөк, анда моюнга алышыбыз керек: кумар оюндары адамзаттык трагедиялардын себепчиси болгон.



**«Жаштардын маселелери»**, реж. Алмазбек Зарылбек уулу, Абдулаим Мамадалиев, продюсер Чинара Айтбаева, «Наш ВЕК» ООМД өндүрүшү, Б.Бейшеналиева атындагы КМИИ «Манас» Республикалык Жаштар ордосу, 2011, 23 мин.

**Синопсис.** Учурда активдүү жаштардын басымдуу бөлүгүнүн маселелери көп экени жашыруун эмес: жумушка орношуу баардык жерде кыйын, баардыгында жеке жана өндүрүш тажрыйбалары талап кылынат. Тасманын авторлору: «Бүгүнкү күндө жаштар кандай жолду тандап алышы керек?»,- деген суроо беришкен.



**«Жакшылыктын алкагында»**, реж. Алмаз Кабаев, продюсер Улан Исакбеков, КФ «Кинематография өнүктүрүү фонду», 2010, 13 минут

**Синопсис.** №43 Профессионалдык лицейи. Кыргызстан боюнча аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары. Алар ды көчөдө калган балдар катары кабыл алуу алар үчүн жагымсыз көрүнүш. Мугалимдер жана тарбиячылар алар келечекте белгилүү бир профессия алып чыгуулары үчүн кам көрүшөт. Ал эми, балдар эмне жөнүндө кыялданышат?! «Сүрөтчүнүн кесиби көчө балдары үчүн жаңы мүмкүнчүлүк катары» долбоорунда балдардын кыялдары жана каалоолору чагылдырылат.



**«Кыйноолор»**, реж. Елизавета Стишова жана Бакыт Турдубаев, продюсерлер Фархад Бекманбетов, Садык Шер-Нияз, «Айтыш-фильм» өндүрүшү, 2011, 16 минут

**Синопсис.** Сот териштирүүлөрү аркылуу чындыкты табууга аракет кылган эки адамдын тарыхы. Жүздөн ашуун соттук угуулар болуп өткөнүнө карабастан, алардын иши логикалык жактан бир жыйынтыкка ээ болбой келет. Ушул мезгил аралыгында алардын бири кыйноолордон улам көз жумат.



**«Сакта жана куткар»**, реж. Флора Газиева, продюсер Айбек Джангазиев, «Кыргызтелефильм», 2011, 29 мин.

**Синопсис.** Аялдардын колдору буудайдын данын теңдештирет. Анан ушул эле колдор данды майдалашат. Эркектердин күчтүү колдору идишти данга толтурушат. Сүмөлөк кайнатуу башталат. Биз мектеп сабагындабыз, бул жерде мугалимдин жардамы менен окуучулар Ош жергесинде болуп өткөн 2010-жылдагы июнь коогалаңында кабылган психологиялык кризистен чыгуунун жолдорун издеп жатышат.

# Фестивалдын тасмалары

## УЛУТТУК КОНКУРС



**«Ош коогалаңы»**, реж. Ника Жолдошева, продюсер Чинара Айтбаева, «Наш ВЕК» ООМД өндүрүшү, Б.Бейшеналиева атындагы КМИИ «Манас» Республикалык Жаштар ордосу, 2010, 12 минут

**Синопсис.** Бул тасма 2010-жылдагы Ош окуясын анализдөө аракетинде тартылган. Бул – окуяга кайдыгер эмес студенттин ой-жүгүртүүсү. Шаардын талкалануусу, адам өмүрлөрүнүн кыйылышы коштогон Ош коогалаңы торнадого же цунамиге окшош. Тилекке каршы, бир айырмасы, 2010-жылдын окуясын адамдар өздөрү «жасашты».



**«Ош. Жарым жылдан кийин»**, реж. Дарья Сытенкова, продюсер Вячеслав Гончаров, «Доор» Медиа коомдук фонду, 2011, 20 минут

**Синопсис.** «Ош. Жарым жылдан кийин» тасмасынын автору Дарья Сытенкова Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн карама-каршылыкты дароо окуядан кийинки абалды жана бир нече мезгилдерден кийинки абалды салыштырат. Бул үчүн автор июнь окуясы учурунда жабыр тарткан каармандар менен жолугуп, алардын окуядан кийинки тагдырлары кандай болгондугунан кабар берет. Бул окуядан соң бүтүндөй бизнесин жоготкон кыргыз бизнесмени жана да, сентябрда жумушка келиши үчүн «бүт дүйнө» кийим чогултуп беришкен өзбек мугалими. Бул жана да баардык кошуналарды чогултуп, өз айылдарына чоочундарды кийирбеген эки улуттан чыккан чоң энелер.



**«Таманында бейиш»**, реж. Чинара Токонова, продюсер Вячеслав Гончаров, «Доор Медиа» коомдук фонду өндүрүшү, 2011, 20 минут

**Синопсис.** Тасма июнь окуяларынан соң конфликттен жай турмушка бет алган жашоо сүртүмдөрүнө кайрылган. Түштүк окуяларынын күбөсү болгон айымдардын турмушун "Доормедиа" коомдук фондусунун чыгармачыл жамааты көрсөтүүнү чечкен. Тасмадагы ар бир аял өзүнүн жашоосу аркылуу тынчтыкка үн салып, энелик жүрөк менен ар бир баласына кам көргөндөй эле өлкөсүн кайгылуу капааттан сактап калууга умтулат. Мисалы, Ош шаарында жайгашкан "Алтын уя" үй-бүлөлүк балдар үйүнүн жетекчиси Тамара Токтометова бир үйдө түрдүү улуттагы он сегиз баланын түйшүгүн алган. Тополоң учурунда үйү өрттөлүп, бизнесинен айрылган Огулай Мирбобаева эртеңкиден үмүтүн үзбөй, жаркын келечек үчүн кечиримдүү болууга умтулат. Мындан башка каармандардын эне катары тилегендери-тынчтык. 20 минуталык тасма Ош жана Жалал-Абад областтарында тартылган.

# Фестивалдын тасмалары

## ЭЛ АРАЛЫК КОНКУРС



**«Базар»,** реж. Рама Рау, Канада, 2010, 70 мин.

**Синопсис.** Адам бөйрөгүн сатуунун фактылары мыйзамсыз болгонуна карабастан, алар абдан көп кездештирилет. Режиссер тасмада эки аялга көңүл бурган: алар - Индиялык Хема жана Канадалык Сандра. Хема бөйрөгүн синдиси аркылуу сатууга аракеттенет, Сандра болсо, кызы жана энесинин жардамы менен интернет аркылуу ылайыктуу донорду табууну көздөйт. Хема операциядан мурда текшерүүдөн өтөт. Бул аралыкта Сандра Индиянын кедей аймагында жашаган адамдардын үйлөрүн көрөт.



**«Жашыл толкун»,** реж. Али Самади Ахади, Германия/Иран, 2010, 80 мин.

**Синопсис.** Өткөн жылы Иранда өткөн президенттик шайлоолору калкты летаргиялык уйкудан ойготту. Көп жылдан бери жаш муун өзгөрүү мүмкүнчүлүгүн биринчи жолу сезди. Мир-Хосейн Мусавинин реформаларын колдоо үчүн миңдеген кишилер көчөгө чыгышты. Бирок шайлоо учурунда кетирилген катаачылыктардан кийин консервативдүү президент Махмуд Ахмадинежад кайра шайланган соң алардын үмүттөрү акталбады. Ал окуядан кийин келген каршы чыгуу толкуну, башкаруу тарабынан чечкиндүү түрдө токтотулду.



«**Мыйзамдагы уурулар»,** реж. Александр Гентелев, Израиль/Германия, 2010, 91 мин.

**Синопсис.** Алар жашоону мектепте эмес түрмөдө тааныган. Ошол эле жерде алар болочок досторун табышкан. Татуировка алар үчүн кооздук эмес, башкаруу органдарына болгон жек көрүүсүнүн жана түрмөдө кайсыл каста жана иерархиядан экендигинин белгиси. Алар эч качан иштешкен эмес, бирок ошол эле учурда алар миллионер. Мурдагы орус Интерпол агентинин айтуусуна караганда, бул адамдар өлкөсүндөгү экономикалык жана саясий чечимдерге өз таасирин тийгизип келет, анткени, алар жанында сакчылардан сырткары «өз» саясатчыларына да ээ болушу керектигин жакшы билишет.



**«Сатылып кеткен балдарын окуялары»,** реж. Йэнекайл Тамрат, Эфиопия, 2010, 28 мин.

**Синопсис.** Эфиопиядагы кулдук расмий түрдө 1930-ж. жоюлган. Ага карабастан, Эфиопиянын калкы кулдуктун түрлөрү менен азыркы күнгө чейин күрөшүп келишет. Көптөгөн учурларда, кулдук- жакырчылыктан качып, ири шаарларга көчүүнүн жана арзан эмгек талабынын натыйжасында келип чыгат. Бул эки фактор менен кул сатуучулар пайдаланышып, көбүнчө балдар жана аялдарды кул катары сатышат.



**«Ооганстандын бийлеген балдары»,** реж. Джеми Доран, Улуу Британия, 2010, 52 мин.

**Синопсис.** Бача Бази, кыргызча «жигиттердин оюну», илгерки ооган салты. Бул адат боюнча, жаш балдар аялдын кийимин кийип алышып чоң кишилердин ырахаты үчүн бийлешет. Бул салт негизинен өлкөнүн түндүгүндө кеңири жайылган жана кээ бир аскер кызматкерлери жана ишкерлер балдарды сыйлык катары сатып ала баштагандыктан акыркы жылдары бир кыйла өнүккөн. Өз мамлекетинен куугунтукталган журналист Наджибулла Кураиши, Джеми Доран аттуу режиссёр менен бирге бул мыйзамсыз иш-аракеттер жөнүндө иликтөөчү тасма тартуу үчүн өз мамлекетине кайтып келген.



**«Төрт тасмада Конгонун жашоосу»,** реж. Диеудо Хамади, Конго/Түштүк Африка, 2010, 69 мин.

**Синопсис.** Конго Демократиялык Республикасы чоңдугу боюнча Африканын 4-мамлекети. Өлкөдө кең байлыктардын көп болгонуна карабастан, анын жашоочулары өтө кедей жашашат. Бул даректүү тасмалардын квартети африкалык мамлекеттин татаал турмушун чагылдырат.



**«Плакаттагы кыз», реж.** Сара Нессон, АКШ, 2010, 38 мин.

**Синопсис.** Рубин Мюррей жана анын достору Аманда менен Лилли «Америкалык Армия» журналына чыкканда, Робин 19 жашта эле. Бул аркылуу АКШнын өкмөтү башка аялдардын Ирактагы согушка баруусуна чакырык жасаган. Азыркы күндө Робин Ирак жана Ооганстан согушуна катышкан башка ветерандардын катарында стресстик дартка чалдыгып келет. Коркунучтуу тажрыйбасын улам эстеген Робин түнү менен уйкусуздуктан жана терең өкүнүчтөн кыйналат. Эми ал согушка каршы демонстрацияларга катышып келет. Башка ветерандар менен бирге ал аскер униформаларын жана аскердик жарнама материалдарын искусствого айлантат. Ошол эле убакта майыптык үчүн пенсия алууга документтерин тапшырган. Азыркы күнгө чейин ал өзүн өзү өлтүрүүнү көп ойлойт, депрессия болуп уктай албайт. Бул тасма 2010-ж. «Мыкты кыска метраждуу тасма» категориясында «Оскар» сыйлыгына көрсөтүлгөн.



**«Үй-бүлөнүн абийири үчүн»,** реж. Шелли Сэйвелл, Канада, 2010, 60 мин.

**Синопсис.** БУУ отчётунун маалыматтарына караганда, жыл сайын дүйнөдө намыс үчүн 5000ге жакын аял өлтүрүлөт. Бул тасманын режиссёру Шелли Сейвелл, Торонтодогу Пакистандык иммигрант жөнүндө баяндайт. Ал өзүнүн Акса деген 16-жашар кызын өлтүрүп салган. Андан бир нече жумадан кийин, Американын Даллас шаары Египеттик бир үй-бүлөнүн атасы бойго жете элек Амина жана Сара аттуу эки кызын өлтүргөндүгү жөнүндөгү кабарды терең кайгы, коркунуч менен кабыл алган. Эки-үч айдан кийин, Афгандык ата-эненин Фаузия аттуу 19-жашар кызы өз агасынын өлтүрүү аракетинен кутулуп, аман калат. Бул тасма курмандыктардын дос жана тааныштары менен түз сүйлөшүү аркылуу тартылып, үй-бүлөлүк кылмыштардын себептерин изилдеген.



**«Катька»,** реж. Елена Трештикова, Чехия, 2010, 90 мин.

**Синопсис.** Бул жүрөк оорутар окуя 1996-ж. Sananim клиникасында Катьканын баңги зат колдонуу дартынан кутулууга багытталган 14 жылга созулган күрөшүүсүнөн башталат. Ал жерде ал өзүнүн курдаштарындай жигит табууну, өз жашоосун түзүп алууну эңсеген. Бирок андан кийинки жылдар жалаң гана жагымсыз иштердин, баңги зат колдонуунун, ууурулуктун, сойкулуктун жана дененин, акылдын жана адеп-ахлактын бузулуусунун ичинде өтөт. Бир топ убактан кийин, Трештикова өзүнүн баш каарманына кайрылган соң анын дагы эле баңги зат колдонуп жаткандыгын, ит багып алганын, сүйлөшкөн жигити бар экендигин жана кош бойлуу экендигин көрөт.



**«Туз»,** реж. Марат Сарулу, «Айтыш-фильм» өндүрүшү, продюсерлер Садык Шер-Нияз, Таалайбек Бапанов жана Фархад Бекманбетов, «Айтыш-фильм» өндүрүшү, 2010, 44 минут.

**Синопсис.** Бул тасмада эки башкы каарман бар: биринчиси - бул кары моряк, экинчиси - Көл. Аба ырайы кандай болбосун, кун тийип жатабы же асман бүркөлүп жатабы - кары моряк унутта калган жээкке келет. Анын жашоосу эн жөнөкөй жана кары куракtагы бойдокчулукка окшош.



**«Арак заводу»,** реж. Ежи Сладковски, Швеция, 2010, 90 мин.

**Синопсис.** «Мен сентименталдуу жана ошол эле учурда макоо адаммын», - дейт 22 жашар Валя, жалгыз бой эне. Ал арак заводунда иштейт жана апасы менен бирге Жигулевск шаарчасында жашайт. Бул жерде келечек жок жана арак ичүүдөн башка иш да жок. Ошол себептен баардык мырзалар деградация болуп кеткен. Валя болсо актрисанын карьерасы жөнүндө кыялданып, оор турмуштан качууда.



**«Мени 50 койдун акысына баалашты»**, реж. Нима Сарвестани, Швеция, 2010, 52 мин.

**Синопсис.** Көптөгөн ооган эркектери радикалдык исламды туткандыктан жубайларды сатып алуу салтын сыйлап келишет. Оздөрүнөн бир муун жаш жубайларды тандашат жана аларга начар мамиле жасашат. Бул окуя ушул салтка байланыштуу 16-жаштагы Сабира аттуу жаш кыздын тагдыры жөнүндө баяндайт. Анын атасы Сабира 7 жашка толгондо эле дүйнөдөн кайткан сон кызды туугандары багып алган. Кыз он жашка келгенде, тууганы Сабирадан 40 жаш улуу адамга сатып жиберген. «Мен көп жолу өзүмдү өзүм өлтүргүм келген»,-деп Сабира үй-бүлөлүк турмушу жөнүндө көз жашы менен айтат. Ал мындай жашоодон качууго улгургон аз кыздардын бирөөсү болду. Сабира өзүнө окшогон оор тагдырлуу кыздар үчүн атайын борбордо баш калкалады, бирок жашоосу толугу менен озгоруп кеткен жок. Өзүнүн тасмасында Нима Сарвестани Сабиранын ата-энесинин кызын ажыраштурууда аракетин көрсөткөн. Бул иш жаңыдан чечиле баштаганда Сабиранын атасына экинчи кызы Фарзенага байланыштуу коркуулар түшө баштады. Себеби дегенде, атасы мурунтан бул кызын бир нече койго берээри тууралуу бир киши менен убадалашып койгон эле. Азыр болсо, ал киши кыздын 15 жашка толоорун куткусу келбей, андан эртерээк үйлөнгүсү келгендигин айткан…



**«Аялсыз элет»**, реж. Ржан Серенак, Франция/Сербия, 2010, 83 мин.

**Синопсис.** Сербиянын Забрдье аттуу айылында сегиз гана киши жашайт. Алар бардыгы үй-бүлө кура элек эркектер. Зоран, Радо жана Драган аттуу бир туугандар эркек журналдарынан алынган айымдардын сүрөттөрү менен дубалдары чапталган үйдө жашашат. Алар үйдөгү иштерди аткарышып, кой багышат, бирок интернет эмне экендигин билишпейт. Ал айылда аялдардын жок болушу үчөөнө тең кыйын, алардын ичинен Зоран гана активдүү түрдө Сербияда өзүнө жубай издөөдө. Коңшу Албанияда аялдардын саны эркектердин санынан көп болгондуктан, ал жакка дүйнөдөгү эң сулуу айымды издөөгө барат.



**«Экинчи «Челси» - Донецк шаарынан бир окуя»**, реж. Якоб Пройс, Германия, 2010, 88 мин.

**Синопсис.** Эгер сиз Украинанын Донецк шаарынан болсоңуз, сиз жергиликтүү Шахтер футбол клубунун күйөрманысыз жана «сары революция» - сиз үчүн эмес деп ишенимдүүлүк менен айтса болот. Бир да шаарда азыркы украин Президентинин жана Шахтердун күйөрманы Виктор Януковичтин «көгүлтүр оппозициясы» бул жердегидей күчтүү колдоого ээ болгон эмес. Тасма жумушсуздук жана коррупция өнүккөн, жергиликтүү миллиардер Ринат Ахметов курган зор футбол стадиону бар кедей шаарды чагылдырып, Шахтер клубунун Кубок УЕФАсындагы жеңиштүү жолун баяндайт. Алардын айтымы боюнча, футбол бул жөн гана оюн…



**«Күлгүн түстөгү сарилер»**, реж. Ким Лонгинотто, Индия/Улуу Британия, 2010, 98 мин.

**Синопсис.** Сампат Пал – «Роза Түсүндөгү Сарилер» тобунун негиздөөчүсү. Бул топ аялдардын дискриминацияланыусуна каршы күрөшүп келет. Сампат Пал өзүн индиялык аялдардын куткаруучусу катары таанытат.. Бул тасмада ал өзү жана башка активисттер кездештирген жубайларынан зордук зомбулук көргөн аялдар көрсөтүлгөн.



**«Салам, регби»**, реж. Фарамарз Бехешти, Иран/Жаңы Зеландия, 2010, 62 мин.

**Синопсис.** Иран эркектери регби оюнунун тобун көрүшкөндө, топту коон же динозаврдын жумурткасы деп тамашалап атап коюшат. Аялдардын анын аркасынан тынбастан кубалай бергендиги алар үчүн түшүнүксүз. Консервативдүү президент Махмуд Ахмадинежад башында турган Аялдар спортунун ислам федерациясы аялдардын спортун коомдо жайылтуу боюнча иштин токтотуп койгон. Буга карабастан, Регби федерациясы ойноону каалаган аялдарга спорттун жеткиликтүү болушу үчүн колунан келген баардык иштерин жасап келишет. Бирок, алардын бул аракети тоскоолдуктарга учурайт.




**«Багдад кино мектеби»**, реж. Шучен Тан, Нидерланды, 2010, 60 мин.

**Синопсис.** 2003-ж. Саддам Хусейндин башкаруу режиминин төңкөрүлүүсү менен, даректүү тасманын тартуучусу Мэйсун Пачачи жана анын Иректык кесиптеши Касим Абид Багдадда Кино Мектебин ачуу чечимин кабыл алышат. Бул мектеп, жакын жердеги бомба жардыруусунан кийин жабылат жана андан кийинки ачылуу аракети 2008-ж. гана болот. Иректын борборунда тартылган бул тасма жаш жана алдына көп максаттарды койгон режиссёрлор катышкан сабактарынан жана окуучулардын жеке видео күндөлүгүнөн үзүндүлөрүн көрсөтөт. Бул тасма кооптуу жердин борборундагы чыныгы жашоону жана адамдардын өз бутуна туруп кетүү аракетин чагылдырат.

**Алтын доору - эки жүздүү алтын бизнеси**, реж. Ральф Веерман, Мирьям Леузе/Германия/2010/44 min/

Алтын – бул бардык адамдардын кыялы! Бул - стабилдүүлүк жана жакшы инвестициялоо. Алтын кеңин өндүрүү - абдан пайдалуу бизнес. Ал иш орундарын жаратат жана аймактагы калктын турмуш деңгээлин жогорулатат, бирок ал элге жакшылык алып келеби? Бул тасма медальдын аркы бетин ачат…

## ВНЕКОНКУРСНЫЙ ПОКАЗ



**«Манастын төрөлүшүн утурлап»**, реж. Нурбек Эген, продюсер Евгения Тирдатова, «Санжира» жана «Киноглаз», 2010, 87 мин.

**Нурбек Эген тасманын нагизги ою жөнүндө**: « Кыргыз «Манас» эпосун изилдесеңиз, ал эпосто айтылган оор доордо Кыргыз элине Манаска окшогон батыр керек болгон. Эпосто айтылган окуялар, кыргыз элинин ошол замандагы өз ара ынтымаксыздыгы жана душмандар менен болгон согушун чагылдырган. Бул себептен, кыргыздар үй-бүлөлөрүн сактап калуу аракетинде Борбор Азия жана Урал Тоолорунун ар кайсыл жерлерине тарап кеткен. Кыргыз эли улуттук аң-сезимин ойгото турган, элди бириктирген жана өз мекенине алып келе турган жол башчысына муктаж болгон. Азыркы күндө Кыргыз эли доор алмашкан учурга туш келди жана Манастын доорундагыдай татаал тарыхый мезгилде жашап жатат. Кайрадан жаралуунун босогосунда экендигине ишенгибиз келет.Жакында жаңы Манастын төрөлөөрүнө терең ишенип жатам».



**«Байлык кетет – кедейчилик калат», реж.Мирьям Леузе Германия/2006/24 мин/**

***Синопсис:*** Өзүнүн жаратылыш кен-байлыгына карабастан, бүгүнкү күндө Перуда, элдин 54 пайызы, 26 млн. адам жакырчылыкта жашашат. Бүгүнкү күндө Перуда 250 рудник иштетилет. Мунун баардыгы бул жердин, региондун адамдары үчүн бир гана нерсени билдирет: суу жана жер сыяктуу негизги ресурстардын кен иштетүүдө колдонулган уулу заттар жана өнөр-жай процессинин калдыктары менен булганышы, жер менен сууну конфликтүү колдонууда келип чыккан социалдык проблемалар, мамлекет жана кең иштетүүчү компаниялар менен негизги укуктардын бузулуусу. Мындан тышкары тоо-кен иштетүүдөгү өнөр-жай долбоорлору башка экономикалык структураларга, мисалга алсак, айыл-чарбасына чоң коркунуч туудуруп жатат. Бул тасма эки мисал аркылуу Янакоча жана Майас алтын кен компаниясынын тегерегинде болуп жаткан проблемаларды көрсөтөт.



**«Алтындын баасы» реж. Мирьям Леузе/Германия/2007/42 мин/**

***Синопсис:*** Өзүнүн жаратылыш кен-байлыгына карабастан, бүгүнкү күндө Перуда, элдин 54 пайызы, 26 млн. адам жакырчылыкта жашашат. Бүгүнкү күндө Перуда 250 рудник иштетилет. Мунун баардыгы бул жердин, региондун адамдары үчүн бир гана нерсени билдирет: суу жана жер сыяктуу негизги ресурстардын кен иштетүүдө колдонулган уулу заттар жана өнөр-жай процессинин калдыктары менен булганышы, жер менен сууну конфликтүү колдонууда келип чыккан социалдык проблемалар, мамлекет жана кең иштетүүчү компаниялар менен негизги укуктардын бузулуусу. Мындан тышкары тоо-кен иштетүүдөгү өнөр-жай долбоорлору башка экономикалык структураларга, мисалга алсак, айыл-чарбасына чоң коркунуч туудуруп жатат. Бул тасма эки мисал аркылуу Янакоча жана Майас алтын кен компаниясынын тегерегинде болуп жаткан проблемаларды көрсөтөт.

# Фестивалдын коноктору

“Бир Дүйнө Кыргызстан» бешинчи эл аралык фестивалына Конгодон, Германиядан, Хорватиядан, Израилден, Швецариядан, Россиядан, Жаңы Зеландиядан болуп 8 режиссер жана Таджикстан, Россия, Белорусия, Чехия мамлекеттеринен 5 укук коргоочу чакырылган. Фестивалдын коноктору – ар кыл өлкөлөрдөн келген режиссерлер менен укук коргоочулар көрүүчүлөр, жаштар менен тасмаларды талкуулашып, аларды кызыктырган суроолорго жооп берип жатышты, негизги өнөктөштөр жана мамлекеттик өкүлдөр менен болгон жолугушууларда болушуп, даректүү тасмалардын адам укуктарын коргоонун негизги куралдарынын бири катары ролу жана адам укугунун корголушу жаатындагы талкууларга катышышты.



«Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын коноктору – чет элдик режиссерлор.



Марек Возка, «One World» (Прага) аткаруучу директору



Ойнилхон Бобоназарова, «Перспектива+» (Таджикистан) Коомдук бирикмесинин директору



Наим Хакимов, «Согд» билим берүү жана маданият программалары борбору (Таджикистан)



Полина Степаненко «Вясна» (Беларусь) Коомдук фондунун кызматкери



«Бир Дүйнө Кыргызстандын» өнөктөшү жана досу - Мирриам Леузе, Германиялык кинорежиссер



Рама Рау, Канадалык кинорежиссер



Сржан Серенак, Сербиялык режиссер жана Жерзи Сладковски, Швеция



Фарамарз Бехешти — Ирандык режиссер



Эл аралык фестивалдын жеңүүчүсү Джо Мунга Ва Тунга



Оксана Челышева, «Сабырдуулукту колдоо» Коомдук фонду (Россия-Финляндия)



Саша Клейн, кинорежиссер (Израиль)



Якоб Пройс — Германиялык режиссер



Чет элдик коноктор табиятта















Фестивалдын коноктору эс алууда





# Конкурстун калыстар тобу

## ЭЛАРАЛЫК КОНКУРСТУН КАЛЫСТАР ТОБУ




**Мирьям Леузе**, Төрайым. Германиядагы даректүү фильмдердин режиссеру жана көз карандысыз журналист. Кесиптеши Ральф Виерман менен бирге Европадагы, Латын Америкасындагы, Борбордук Азиядагы жана африкадагы адам укуктары жана экология проблемаларынын үстүндө иштешет. Ал европалык ARTE, WDR, Deutsche Welle телеканалдары үчүн бир катар даректүү фильмдерди тарткан жана айрым бейөкмөт уюмдарында режиссер болуп иштейт. Ошондой эле Мирьям Леузе Маданий антропология боюнча даярдыктан өткөн, бир жыл Кыргызстанда иштеген.



**НурбекЭген**, кинорежиссер, Кыргызстан. Нурбек Эген, көптөгөн Эларалык Кинофестивальдардын жеңүүчүсү, эларалык ири кино жана теле долбоорлорду ишке ашырган белгилүү кыргыз режиссёру. ВГИКтин бүтүрүүчүсү, В. Хотиненконун окуучусу (2000). Тасмалары: «Санжыра» (2001), «Аталардын сандыгы» (2005), «Манастын төрөлүшүн утурлап» (2010). Россиянын Москва шаарында жашайт.



**Мария Раснер**, Internews/Kg Network уюмунун Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн башчысы, АКШ. Мария Раснер, Интерньюс Нетуорктун Кыргызстандагы Өкүчүлүгүнүн башчысы. Журналист, «Эхо Москвы» радиосунда, Радио Азаттык/ Эркин Европа, Улуттук Коомдук Радиодо (АКШ), «Голос Америки» радиолорунда эмгектенген. Билими – саясат таануучу, АКШ мамлекетинде магистратураны аяктаган, Эларалык Миграция уюмунда иштеген. Туулуп өскөн жери- Киев, Украина.



**Полина Степаненко**, литератор, укук коргоочу, Беларусь. Полина Степаненко, белоруссиялык укук коргоочу, литератор, журналист. 1990-ж. Белоруссия Мамлекеттик Университетин аяктаган, андан соң Минск шаарындагы Максим Богдановичтин Адабият Музейинде иштеген. 1996-ж. жазында «Весна-96»демилгечи тобуна мүчө болгон. Бул топ саясий жазалоолордон жапа чеккен массалык наарazыrчылтардын катышуучуларына жардам берген. 1998-ж. «Вясна» укук коргоо борборуна иштеген.



**Азим Акматов**, юрист, Кыргызстан. Азим Акматов, Кыргызстандагы белгилүү юристи, Мамлекеттик (КР Премьер-министринин Аппаратында, КР Омбудсмендин Институтунда, 1-Май райондук администрацияда) жана ошондой эле көз карандысыз уюмдарда эмгектенген.КРСУнун (Юриспруденция,2002) жана КМУнун (Тарых жана коом таануу, 1994) бүтүрүүчүсү.

## УЛУТТУК КОНКУРСТУН КАЛЫСТАР ТОБУНУН МҮЧӨЛӨРҮ



**Марат Алыкулов,** Төрага, режиссёр, сценарист, Кыргызстан. Көптөгөн Эларалык Фестивалдардын жеңүүчүсү. КР нын Кинематографисттер Уюмунун мүчөсү, КР өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Кинематография Агенттигинин Көркөм-Эксперттик Кеңешмесинин мүчөсү. Тандалмалуу фильмографиясы: «Чекара» (2005), «Адеп Ахлак» (2007), «Мамлекет жана Өлкө» («Бир Дуйно»- 2010, Гран-При), «Карыя» (2011).



**Торокул Дооров,** «Азаттык» радиосунун корреспонденти, Кыргызстан. Журналистика, ТВ жана басмасөз боюнча магистрдик даражага ээ. Бишкек шаарындагы Кыргыз Улуттук Университетинде окуп, андан соң Москва Мамлекеттик Университетине которулуп, ал окуу жайын аяктаган (Россия, 2004). Өз эмгек жолун 1999-ж. КТРде иштөөсү менен баштаган. Бир нече убакыт өткөн соң Эркин Европа/ Азаттык Радиосунда иштеген.



**Азиза Юлдашева,** укук коргоочу, Кыргызстан. 1981-ж. Ош Мамлекеттик Университетинин Дүйнөлүк Тилдер факультетин бүтүргөн. Орусча, Англисче, Кыргызча, Өзбекче эркин сүйлөйт. Эларалык тажрыйбага ээ тренер жана консультант. «Партнер» КФ башкармалыгынын Төрайымы. Азыркы учурда Ош шаарынын айымдарынын бейпилдикти сактоо демилгеси боюнча долбоорду алып баруда.



**Елена Воронина,** укук коргоочу, Кыргызстан. Балдардын укугун коргоо боюнча эксперт, лектор, тренер-кеңеш берүүчү, журналист, блоггер. 2009-2010ж.ж. балдардын укугун коргоо жана алардын кызыкчылыктарын илгерилетүү боюнча КР НКО тармагынын ишин координациялаган. 2009-ж. IWPRдин Кыргызстандагы өкүлчүлүгү, Европалык Комиссия, УВКПЧ ООН тарабынан Борбор Азиянын басма сөз массалык маалымат каражаттарынын журналисттери арасында өткөн «Укук коргоо маселелери боюнча эң мыкты маалымат берүү» конкурсунун биринчи сыйлыгын алган.



**Байыш Абдыбеков,** 1977-ж. туулган.1995-2000-жж. Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтун аяктаган.1998 –ж. бери Боогачы атындагы Ак-Муз орто мектебинде Экономика сабагынын мугалими болуп эмгектенип келе жатат. ПИКС проектисинин «Мектепти жакшыртуу», «Сынчыл ой жүгүртүү», «Коомчулук менен иш алып баруу» программаларынын сертификаттарынын ээси. Инклюзивдик билим берүү программаларынын тренери.

## ЖАШТАР КОНКУРСУНУН КАЛЫСТАР ТОБУ



**Алижан Насиров**, Төрага, режиссер, Кыргызстан. Көптөгөн Эларалык Фестивалдардын жеңүүчүсү. Алижан Носиров 1980-жылы Кыргызстанда туулган. 2009-жылы Кыргыз-түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин Радио, телевидение жана киноискусствосу бөлүмүн аяктаган. Тасмалары: «Кыштоо» (2009) и «Суу» (2011).



**Тынчтык Абылкасымов**, актер жана режиссер, Кыргызстан. **Тынчтык Абылкасымов** 1986-жылы төрөлгөн. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик Искусство институтунун театр жана искусство факультетин бүтүргөн. «Боз салкын» жана «Ак булут артында» тасмаларына тартылган. «Мен», «Оркестрдин репитициясы» (2007), «Өлкө жана мамлекет» («Бурулуш» жана «Нооруз» 2010).



**Кубат Касымбеков**, «Азыттык» радиосунун корреспонденти, Кыргызстан. «Азаттык» радиосунун корреспонденти, Кыргызстан. КТУ «Манас»-2011дин эң ийгиликтүү бүтүрүүчүсү. Башка сыйлыктары: 2009-ж. «Эң мыкты жаңылык радиопрограммасы» Номинациясында «Эларалык жаш журналисттердин конкурсунда» Биринчи орунду ээлеген.




**Салтанат Муратбекова**, юрист, Кыргызстан. Салтанат Муратбекова, юрист, Кыргызстан. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Юридикалык Академиясынын Конституциялык жана Муниципалдык Укук кафедрасынын доценти. Юридика илимдеринин кандидаты.



**Назгуль Мусаева**, Кыргыз Республиккасынын Билим берүү жана Илим Министрлигинин башкы адиси. Бишкек Гуманитардык Университетин жана КР Президентин алдындагы Башкаруу академиясын аяктаган.

# Жеңишке ээ болгон тасмалар

## «Бир Дүйнө Кыргызстан - 2011» даректүү тасмалардын V маарекелик фестивалынын Жеңишке ээ болгон тасмалары.



Эл аралык конкурста Гран-При сыйлыгын «Төрт тасмада Конгонун жашоосу» тасмасы алды. Режиссер Диеудо Хамади, Конго/ Түштүк Африка, 2010.



Даректүү тасмалардагы инновация үчүн аттуу калыстар тобунун дипломуна «Жашыл Толкун» тасмасы татыктуу болду. Али Самади Ахади, Германия/ Иран, 2010-жыл.



Режиссура үчүн сыйлыгына Босниялык режиссер - Сржан Серенактын «Аялсыз элет» тасмасы татыктуу болду, Франция/ Сербия, 2010.



Улуттук конкурстун алкагында башкы сыйлыгына Кыргызфильм киностудиясынын колдоосунда тартылган режиссер Асель Жураеванын «Меккеге карай жол» тасмасы татыктуу болду.



Калыстар тобунун атайын сыйлыгына Улуу Британиялык режиссер Джеми Дорандын « Оогандстандын бийлеген балдары» тасмасы татыктуу болду.




«Прорыв» номинациясы боюнча калыстар тобунун шыктандыруучу сыйлыгына Киномотографияны өнүктүрүү фондунун колдоосунда тартылган режиссер Нурлан Раззакуловдун «Өтүкчү» тасмасы татыктуу болду



Калыстар тобунун атайын сыйлыгына режиссер Ким Лонгиноттонун «Күлгүн түстөгү сарилер» тасмасы татыктуу болду. Индия/Великобритания, 2010.



«Фестивалдын ачылышы» номинациясында калыстар тобунун шыктандыруучу сыйлыгына"Доор Медиа" коомдук фондунун колдоосунда тартылган режиссер Дарья Сытенкованын «Ош жарым жылдан кийин» тасмасы ээ болду.



Эң сонун кыргыз тасмасына «Тазар» өндүрүшүнүн колдоосунда тартылган режиссерлор Нишана Жээналиева менен Актан Рыскельдиевдин «Куру Кыял» тасмасы татыктуу болду.



Жаштар конкурсунда Гран-При сыйлыгына «Плакаттагы кыз» тасмасы татыктуу болду, режиссер Сара Нессон, США.

## «ЭРКИНДИК ҮЧҮН КҮРӨШ ЖАНА ЭРДИК ҮЧҮН» НОМИНАЦИЯСЫ









Евгений Жовтис (Казахстан) - «Эркиндик үчүн күрөш жана эрдик үчүн» номинациясынын дагы бир жеңүүчүсүн Оксана Челышева (Финляндия – Россия) жарыялап жатат



Азимжан Аскаров - «Кыргызстандын эң алдыңкы укук коргоочусу» номинациясын Назгуль Турдубекова жарыялап жатат



Алес Беляцкий - «Жылдын укук коргоочусу» номинациясынын жеңүүчүсү тууралуу Полина Степаненко (Беларусь) айтып берип жатат

# Фестивалдын демөөрчүлөрү

## Фестивалдын негизги демөөрчүсү - Европалык Биримдик



КРдагы Европа Биримдигинин Өкүлчүлүгүнүн башчысы Шанталь Эбберехт фестивалдын ачылышында учурашуу сөзүн сүйлөп жатат




КРдагы Европа Биримдигинин Өкүлчүлүгүнүн Өкүлү Мырза Том Месси адам укуктарынын корголушун даректүү тасмалар аркылуу илгерилетүүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи

# Фестивалдын директору, Төлөкан Исмаиловanын учурашуу сөзү

Үстүбүздөгү жылдын 27-сентябрында, борбор калаабыз Бишкекте "Бир дүйнө - Кыргызстан" («Манас»кинотеатры) адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын Эларалык Фестивалы өз ишин баштады.

Быйылкы фестиваль маарекелүү, 5 жашка толуп отурат. Бүгүнкү күндө фестиваль 30 миңге жакын адам укугу багытындагы документалдык тасма сүйүүчүлөрдү, биздин жана башка постсоветтик өлкөлөрдүн активисттердин жана дүйнөнүн булуң-бурчтарындагы достордун башын бириктирип жатат. Алардын арасында мектеп окуучулары, студенттер, жогорку окуу жайларынын мугалимдери жана профессорлору, интеллигенциянын өкүлдөрү, жаш режиссерлор, дүйнөгө белгилүү кино ишмерлер, сүрөтчүлөр, журналисттер, укук коргоочулар, пенсионер жана мигранттар бар.

Фестиваль – бул жалпы адамдык, баштапкы баалуулуктардын жана адам укугун жактаган эркин, көз карандысыз атуулдардын, пикирлештердин аянтчасы.



Фестивалдын директору, Төлөкан Исмаилованын учурашуу сөзү

Фестивалда дүйнөгө сынчыл көз караштı жана аны жакшыртуу жолдоруна болгон автордук позицияны чагылдырган мыкты профессионалдык даректүү тасмалар сунушталат. Алар өлкөдөгү, дүйнөдөгү адам укугу боюнча чыныгы кырдаалды көргөзүшөт. Демократияны ашыкча пайдалануунун ар кайсы учурларын ачып берет.

Тасмалар адамдын кадыр-баркын, мыйзамдын улуктугун, сабырдуулукту жана ар кыл маданияттардын бир пикирге келүүсүн коргойт. Ошондой эле эки революцияны башынан кечирген кыргызстандын жашоочулары үчүн гана эмес, 2010 жылдагы трагедиядан кийинки бүтүндөй Кыргыз мамлекети үчүн да абдан маанилүү.

Тасмалар – жашыруун, көп айтылбаган социалдык, гуманитардык жана экологиялык көйгөйлөрдү чечүү жана аң сезимди ойготуу үчүн мыкты жолдордун бири. Өзүнүн даректүү тасмалары аркылуу кинематограф, көрүүчүгө конкреттүү адамдардын мисалында, адамдар менен эмне болуп жаткандыгын сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошол учурда көпчүлүккө "БУУнун адам укугу боюнча декларациясындагы" жашоого, кулчулуктан жана зордук-зомбуluктан эркин болуу, өз оюн билдирүү, дискриминациялоосуз жана кыйноосуз жашоо укуктарына окшогон постулаттар түшүнүктүү боло баштайт. Тасмаларды көрүп бүткөн соң, көрүүчү өз укугу үчүн күрөшүү керек экенин, бирок ошол эле учурда башкалардын укугун бузганга болбостугун түшүнүп, адамдын кадыр баркынын жана укуктун үстөмдүгүн ырастайт. Фестивалдын аянтчасы ар бир катышуучуга өз оюн билдирүү, ар кандай ойлорду талкулоо, жаңы ойлорду ортого салуу, өз жарандык позициясын бекемдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Фестивалга тасмаларды тандоо боюнча уюштуруу комитети тарабынан тандалып алынган адам укугу боюнча 30 даректүү тасма кирет. Фестиваль 3 конкурстан турат: (эл аралык – 17 тасма, улуттук – 13 тасма, жаштар конкурсу – 12 тасма). Фестивалдын атайын программасы Кино Үйүндө өтөт.

Калыстар тобунун үч курамы уюштурулган (эл аралык, улуттук жана жаштар).

Кыргыз даректүү тасмалары ар кайсы муундун өкүлдөрү: бир тарабынан, дүйнөгө аты чыккан, белгилүү сүрөтчү Марат Сарулу жана экинчи тарабынан Б. Бейшеналива атындагы КМИИнун студенти – Ника Жолдошева тарабынан сунушталып жатат.

Эл аралык конкурстардагы тасмаларда аялдардын көйгөйлөрү басымдуулук кылса, кыргыз тасмаларында – мырзалардын укугу тууралуу окуялар басымдуулук кылат. Жагымдуусу, фести-валдагы даректүү тасмалардын жарымынан көбү – режиссер, айымдар тарабынан сунушталган.

Коомдун аярлуу топторунун укугу өзгөчө орунга коюлган. Биз дагы аларга кайрымдуу жана жоопкерчиликтүү бололу.

**Фестивалга кош келиңиздер. Тасмаларды көрүүгө жана талкулоого катышыңыздар. Досторду, пикирлештерди табыңыздар. Ийгиликтүү адамдардын мисалында шыктаныңыздар. Бири-бириңиздерди колдоп, өзүңүздөрдүн, чөйрөңүздөрдүн деги эле бүтүндөй коомчулуктун жашоосун жакшы жакка өзгөрткүлө. Фестиваль Сиздерди күтөт!**

**Фестиваль – 2011 – ар бирибиз үчүн!**

**"Бир Дүйнө - Кыргызстан"**
**Фестивалынын директору**
**Төлөкан Исмаилова**

# Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаеванын Учурашуу сөзү





МЕН баардык режиссерлорго жана укук коргоочуларга, мамлекеттик эмес уюмдарга ыраазычылык билдиргим келет, анткени, алар коомдогу эң көйгөйлүү маселени көтөрүп келишет. Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдык тарыхында эң негизги жана приоритеттүү багыттардын бири – адам укуктарын коргоо болуп саналды…



# Европа Биримдигинин Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн башчысы Шанталь Эбберехттин учурашуу сөзү

Кутмандуу күнүңүздөр менен, урматтуу Президент айым, урматтуу фестивалдын директору, айымдар жана мырзалар, урматтуу коноктор,

Сиздер менен «Бир Дүйнө Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалында учурашып жатканыныма абдан чоң кубанычта экендигимди билдиргим келет.

Адам укуктарын коргоо – бул демократиянын принциптеринин бири, ал эми, демократия болуш үчүн адам укуктарын коргоо жана аны өнүктүрүү керек, бул кандай гана мамлекет болбосун анын негизги милдети болуп саналат.

Европа Биримдиги үчүн бул нерсе, Европа Биримдигинин Сырткы Саясатынын жана Коопсуздук Саясатынын негизги максаты болуп саналат, ошондой эле , биздин кызматташууну өнүктүрүү саясатыбыздын орчундуу бөлүгү болуп эсептелет, өзгөчө, Европалык Биримдик демократиялык өнүгүүнү колдоп жаткан жана бул демократия мамлекет тарабынан дагы көңүлгө алынып, жарандык коомдун активдүү салымы астында өнүгүп жаткан Кыргызстанда Кыргызстан жергесинде ишке ашып жатат.

Кыргызстан өткөөл мезгил учурундагы демократия учурунда көп нерсеге жетише алды, ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Президент Отунбаеваны анын өлкөдө стабилдүүлүктү орнотуу үчүн баардык күчүн жумшаган чечкиндүү кадамы үчүн жана татаал мезгилге карабай Кыргызстанда демократиялык процесстерди ишке ашыргандыгы үчүн куттуктап кетким келет.

Кыргызстанда Европалык Биримдик «Демократия жана адам укуктары алкагындагы Европалык Инструмент» программасынын алкагында өзгөчө программаны ишке ашырып жатат (ЕИДПЧ). Бул программанын негизги максаты – коомдун баардык чөйрөлөрүндө (саясий, жарандык, экономикалык, социалдык жана маданий) адам укуктары жаатында жемиштүү ишмердүүлүктөрдү алып баруусу үчүн жарандык коомго колдоо көрсөтүү.

Мына ошондуктан, Мен жарандык коомдун өкүлдөрүн бул өлкөдө адам укуктарынын корголушу үчүн кошкон салымдары, активдүү аракеттери жана өз ишине берилгендиктери үчүн ыраазычылык билдирип кетким келет.

Ушул программанын алкагында биз мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан ишке ашырылып келген бир канча долбоорлорго колдоо көрсөтүп келдик, мына ушундай долбоорлордун бири «Бир Дүйнө» фестивалы болуп саналат. Бул маанилүү фестивалдын негизги максаты – жөнөкөй жарандардын адам укуктары боюнча аң-сезиминин деңгээлин көтөрүү жана Кыргызстандагы жарандык коомдордун адам укуктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.



Европа Биримдигинин Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн башчысы Шанталь Эбберехттин учурашуу сөзү

Ар жылы фестивалдын көрүүчүлөр аудиториясы кеңейип келет, бул жарандар үчүн адам укуктарынын корголушу эң маанилүү экендигинен кабар берет. Албетте, бул теманы чагылдыруу жолу – тасмалар болуп саналат, алар дароо биздин ички эмоцияларыбызды ойготот жана ар бирибиздин туюмубузда адам укугу, ар бир адамдын жеке кадыр баркы сыяктуу баалуулуктарга маини маани берүүгө чакырат.

«Бир Дүйнө» фестивалынын уюштурууучулары бизди, «Адам укуктары» деп аталган өзгөчө маанилүү темага байланыштырган кызыктуу даректүү тасмалардын топтомун, баардыгыбыз үчүн тандап алышты. Кыргызстандык тасмалар менен бирге, Канададан, Германиядан, Израилден, Ирандан, Конгодон, Түштүк Африкадан, Индиядан, Улуу Британиядан, Эфиопиядан, Чехиядан тасмалар көрсөтүлөт. Адам укуктарын коргоо бул чынында эле маанилүү чакырык....


Бул маанилүү фестиваль аймактардын баардыгын кыдырып чыгаары бизди абдан сүйүндүрөт. Фестиваль Бишкекте гана өтүү менен чектелбестен, аны Нарында, Каракolдо, Таласта, Ошто жана Баткенде көрө алышат.

Фестиваль сунуштаган программа Сиздерге чоң эргүү тартуулай тургандыгына Мен ишенем. Мындан сырткары, Мен,бул тасмалар көрүүчүлөр арасында кызуу талкууларды жаратуусун, ошону менен бирге, көрүүчүлөр тасмаларда чагылдырылган адам укутары маселелерине дагы көңүл буруулары каалайт элем. Мына ушул талкуулар Кыргыз Республикасында адам укуктарынын корголушунун өнүгүшүнө конструктивдүү салым кошот жана алар позитивдүү маанайды жаратат деген ишеничтебиз.

Бул маанилүү иш-чаранын болуусуна салымын коштокондордун баардыгына: режиссерлорго жана уюштуруучуларга өзгөчө ыраазычылык билдирип кетүүгө уруксат берсеңиздер. Алардын салымы жана аракеттерисиз бул кечте фестивалдын ачылыш аземи болушу күмөн эле.

«Бир Дүйнө» адам укуктары боюнча фестивалынын алкагындагы тасмаларды көрүүдө ар бир кечиңиздер жагымдуу маанайда өтүүсүн каалайбыз!







**«БИР ДҮЙНӨ КЫРГЫЗСТАН»** фестивалына даярдыктарды көрүү иш-чараларынын алкагында 2011-жылдын 7-июнунда «Бир Дүйнө Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмаларынын V эл аралык фестивалынын уюштуруу тобунун курамы менен «Шакен Жылдызы» тогузунчу эл аралык фестивалындагы (Алматы 2011) жеңишине байланыштуу «Өлкө жана Мамлекет» тасмасынын чыгармачылык тобу менен жолугушуу болуп өттү.

Жолугушууга катышкандар: Мира Карыбаева – КРнын Президентинин Аппараты, Алмакан Найзабекова – Мамлекеттик киномотография Агенттигинин Байкоочу Кеңешинин мүчөсү, Мария Раснер-КРдагы Internews Өкүлчүлүгүнүн директору, Жылдыз Кудайберген – Ачык Коом – Будапешт маданий программалар Фондунун координатору, Талип Ибраимов – КРнын мамлекеттик Киномотография Агенттигинин башкы редактору, Марат Аликулов жана Гульбара Толомушова – ХЭС мүчөлөрү, «Жарандар коорупцияга каршы» укук коргоо борборунун кызматкерлери жана Сабыр Абдымомунов - «Биринчи Радио» радиостанциясынын башкы редактору, «Пирамида» телерадиокорпорациясынын журналисти Эрмек Исмаилов жана башкалар катышышты. Бул жолугушуунун алкагында «Бир Дүйнө» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын эл аралык фестивалы сунушталды.









# Фестивалдын чыгармачыл тобу


Толекан


Гульбарчын жана Лира



Аида


Кымбат


**Фарида**


Таалайбек


Мирланбек


Алмакан


Гульбара

# Киришүү

“Фестивалдын негизги максаты – даректүү тасмалар аркылуу адам укугун жана эркиндигинин сакталышын алдыга жылдыруу, көрүүчүлөргө саясий-социалдык жана экономикалык маселелердин себебин терең түшүнүүгө, андан чыгуу жолдорун талкуулоого мүмкүнчүлүк берүү.

Фестиваль «Жарандар коррупцияга каршы» укук коргоо борбору тарабынан уюштурулуп, эл аралык демөөрчүлөрдүн финансылык жана уюштуруучулук жардамы менен ишке ашып келет, негизги демөөрчүлөрү – Европалык Биримдик жана «Хивос-Маданият» болуп саналат.



«Бир Дүйнө» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалынын эң жаш көрүүчүлөрү




«Бир Дүйнө» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалынын Сыйлыктары



«Бир Дүйнө» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалынын уюштуруучулары, коноктору, калыстар тобунун мүчөлөрү




Рама Рау «Базар» тасмасынын жаралыш тарыхы тууралуу айтып берип жатат




Чет элдик режиссерлор жана укук коргоочулар, КРдагы Европа Биримдигинин Өкүлчүлүгүнүн Өкүлү Том Месси пресс конференция учурунда

## Пресс-конференция

**2011-жылдын 26-сентябрында** фестивалдын алкагындагы иш-чаралар, коноктор жана фестивалдын программалары тууралуу коомчулукка кеңири маалымат берүү максатында Пресс-конференция уюштурулду.

Пресс-конференцияга катышкандар: «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын чыгармачыл тобу, фестивалдын негизги демөөрчүлөрү - Европа Биримдигинин өкүлдөрү, эл аралык режиссерлор жана укук коргоочулар катышышты.



Тажикистандык көрүнүктүү укук коргоочу Ойнилхон Бобоназарова




Оксана Челышева - россиялык белгилүү укук коргоочу



Мирьям Леузе – Германиялык көз карандысыз журналист жана даректүү тасмалардын режиссеру




КРнын белгилүү кино таанучусу Гульбара Толомушева






# Тегерек стол

**2011-ЖЫЛДЫН 27-СЕНТЯБРЫНДА** «Бир Дүйнө Кыргызстандын» алкагында «Адам укуктары даректүү тасмаларда: жетишкендиктер жана маселелер» деген темада эл аралык кинорежиссерлордун, укук коргоочулардын, өнөктөштөрдүн жана коноктордун катышуусунда тегерек стол болуп өттү.

Талкуулардын жүрүшүндө тегерек столдун катышуучулары тарабынан «Бир Дүйнө Кыргызстандын» уюштуруучуларына төмөндөгүлөр сунушталды:

- интернет аркылуу даректүү тасмалардын көрсөтүлүүсүн уюштуруунун ийкемдүү форматын иштеп чыгуу, ошол эле учурда жаратуучулардын автордук укуктарынын сакталышын камсыз кылуу.
- мектептердеги жана жогорку окуу жайларындагы көрсөтүүлөрдүн программасын ишке киргизүү жана адам укуктары боюнча даректүү тасмалар боюнча талкууларды уюштуруу.
- Даректүү тасмалардын теле аркылуу көрсөтүлүүсүн ишке ашыруу.






Корин
Фрей


Мамытов
Нурлан


Бизнес - центр
„РОССИЯ"


Корин
Фрей


Торокул
Дооров


Гульбара
Толомушова


Марек


Абдыбеков
Байыш
Чинара

# Фестивалдын ачылыш аземи

“Бир Дүйнө Кыргызстан» V маарекелик фестивалынын ачылыш аземи 2011-жылдын 27-сентябрында «Манас» кинотеатрында болуп өттү.

«Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын тарыхында биринчи жолу ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Президенти Р.И. Отунбаева катышты. Кыргыз Республикасынын Президенти Р.И.Отунбаева мамлекеттик эмес уюмдардын демократиялык процесстердин өнүгүшүндөгү барандуу ролун, андагы адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын маанилүү ордун баса белгиледи.

Ошондой эле, фестивалдын конокторуна Европалык Биримдик сыяктуу негизги демөөрчүлөрү жана өнөктөштөрү учурашуу сөздөрүн сүйлөштү, улуттук, эл аралык жана жаштар конкурсу боюнча калыстар тобунун мүчөлөрү тааныштырылды.

Ачылыш аземинде Канадалык режиссер Рама Раунун «Базар» даректүү тасмасы көрсөтүлүп, тасманын аягында көрүүчүлөр тасманын жаралуу тарыхы жана негизги идеясы тууралуу талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Мындан сырткары, ачылыш аземине КРнын ЖКнын депутаттары, КРнын Өкмөт мүчөлөрү, Элчиликтердин өкүлдөрү, эл аралык уюмдар, ММК, аймактык өнөктөштөр, ички мигранттар, улуттук азчылыктардын өкүлдөрү, жаштар, калктын башка өзгөчө көңүл бурууга муктаж катмарынын өкүлдөрү, коноктор жана Бишкек шаарынын жашоочулары катышышты.



Фестивалдын директору Т.Исмаилова КРнын Президенти Р.Отунбаеваны, вице-премьер-министр Ш.Атахановду жана Бишкек шаарынын мэри И.Омуркуловду тосуп алууда



КРнын Президенти Р.Отунбаеванын учурашуу сөзү





Европа Биримдигинин Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн башчысы Шанталь Эбберехт айымдын учурашуу сөзү: Данияр Жакыпов, Европа Биримдигинин Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн Маалымдоо жана ММК менен иш алып баруу бөлүмүнүн координатору



Фестивалдын директору Т.Исмаилова:
Фестиваль – 2011 – ар бирибиз үчүн!



Тару Кернисало айым - Европа Биримдигинин Кыргызстандагы Өкүлчүлүгүнүн Атташеси, долбоорлордун менеджери жана фестивалдын ардактуу коноктору



Фестивалдын ардактуу меймандары



Марек Возканын учурашуусу



Рама Рау – Канадалык режиссер



Назгуль Турдубекова – «Балдардын укугун коргоо Лигасы» Коомдук бирикмесинин жетекчиси



«Устатшакирт» этникалык-музыкалык ансамбли



Нурзада Жолдошева, Каарман Кулуев фестивалдын ачылыш аземинин алып баруучулары



Полина Степаненко (Белорусиялык укук коргоочу), и Саша Клейн (Израилдик режиссер)



«Бир Дүйнө Кыргызстандын» Өнөктөштөрү – Анара Дауталиева ж-а Зульфия Марат ачылыш аземинде



Ачылыш аземинин ажарлуу алып баруучулары – Каарман Кулуев ж-а Эркин Рыскулбеков

## Бишкек шаарынын мэрии И.Омуркуловдун кабылдамасында

**2011-ЖЫЛДЫН 21- СЕНТЯБРЫНДА** «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын чыгармачыл тобу, өнөктөштөрү жана коноктору – чет элдик режиссерлор ж-а укук коргоочулар Бишкек шаарынын мэри И.Омуркуловдун расмий кабыл алуусунда болуп кайтышты.

Расмий кабыл алуу учурунда, мэр чет элдик конокторго баардык Бишкектиктердин атынан салам айтты, шаар тууралуу маалымат берип, фестиваль тууралуу жакшы пикирлерин билдирди. Жолугушуу учурунда эки тарап ошондой эле, адам укугу темасы, андагы даректүү тасмалардын орду, фестивалдын мааанилүүлүгү тууралуу ой-пикирлери менен бөлүштү. Жолугушуунун акырында конокторго эстеликке белектер ыйгарылды.



Бишкектин мэри менен эстелик үчүн жалпы сүрөт















# Шамиль Жапаровдун кабылдамасында

**2011-ЖЫЛДЫН 29-СЕНТЯБРЫНДА** КРнын мамлекеттик Киномотография агенттигинин директору Шамил Жапаров «Бир Дүйнө Кыргызстандын» чыгармачыл тобун, фестивалдын коноктору – чет элдик режиссерлорду ж-а укук коргоочуларды, КРнын белгилүү кино ишмерлерин кабыл алды



КРнын Омбудсменинин Таластагы бөлүмүнүн башчысы
А.Момунтаева (сол жакта)



Кыргыз киносунун белгилүү ишмерлери – Геннадий Базаров ж-а Шамиль Жапаров







# Омбудсмендин кабылдамасында

“«Бир Дүйнө Кыргызстандын» чыгармачыл тобу, фестивалдын коноктору ж-а өнөктөштөрү Кыргыз Республикасынын Омбудсмени Турсунбек Акундун кабыл алуусунда









# Тасмалардын көрсөтүүлөрү

«Бир Дүйнө Кыргызстан» V мааракелик фестивалында төмөндөгү темалардагы маселелерди кучагына алган ж-а талкууларды жараткан 30 тасма көрүүчүлөрдүн назарына сунушталды: «Биздин күндүн карманы / жашоонун кыргызча образы», «Бийлик, коом, закон, коррупция», «Балдардын жана жаштардын укугу», «Адам укугу убактылуу камакка алуу учурунда», «Сакта жана Куткар», «Аялдардын укугу». Бул тасмалар үч конкурстун алкагында тартууланды: эл аралык, улуттук жана жаштар. Эл аралык конкурстун алкагында 16 чет элдик документалисттердин тасмасы тартууланды (булардын ичинен бир тасма Кыргызстандык режиссер тарабынан сунушталды).

Улуттук конкурста Кыргызстандык документалисттердин 14 тасмасы, жаштар конкурстунда -12 тасма көрүүчүлөрдүн назарына сунушталды (Жаштар конкурсунда эл аралык ж-а жергиликтүү режиссерлордун тасмалары киргизилген). Чет элдик тасмалар Канадалык, германиялык, Израилдик, Конголук, Индиялык, Эфиопиялык, Улуу британиялык, Чехиялык, АКШлык, Франциялык, Сербиялык, Швециялык жана Жаңы Зеландиялык кинемотографисттер (биргелешкен) тарабынан тартууланды.

Күн сайын эртең мененки 11.00 дөн кечки 18.00 гө чейин алдын ала түзүлгөн программанын негизинде тасмалар көрсөтүлүп жатты, тасмалардан кийин көрүүчүлөр режиссерлор жана уюштуруучулардын катышуусунда талкууларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатышты. Активдүү деп айырмаланган көрүүчүлөргө фестивалдын атайын сыйылыктары – футболкалар, значоктор, каталог жана постерлер белекке берилип турду. Ошону менен бирге, фестивалдын атайын көрсөтүүлөрү дагы уюштурулуп, негизги конкурстагы эң кызыктуу тасмалар жана конкурстан тышкаркы тасмалар каалаган көрүүчүлөрдүн назарына сунушталды.





Израилдик режиссер - Саша Клейн жана Ирандык режиссер – Фарамарз Бехешти



Фестивалдын тасмалары көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырган жок



Жерзи Сладовски – Польшалык режиссер



Мырза Том Месси – Европа Биримдигинин Өкүлчүлүгүнүн Өкүлү



«Адам укуктары жана Закондуулук» Бюросунан өнөктөштөр - Анна Муратова жана Наталья Аблова – фестивалдын ачылышында



Оксана Челышева, Россиялык укук коргоочу



Азим Акматов, кинофестивалдын Эл аралык конкурсунун мүчөсү



Фестивалдын көрсөтүүлөрүнө КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Жамгырчиева Гулнара катышты




Фестивалдын көрсөтүүлөрүнө КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Эркингүл Иманкожоева катышты



Байыш Абдыбеков, Ат Башы айылдык орто мектебинин мугалими, Жаштар конкурсунун мүчөсү













Фестивалдын Мектеп программасы көрүүчүлөрдүн чоң аудиториясын кучагына алды









«Бир Дүйнө Кыргызстан» кинофестивалынын эң жаш көрүүчүлөрү








Сржан Серенак, Сербиялык режиссер эң жаш көрүүчүлөр менен

# Мектеп программасы

**2011-ЖЫЛДЫН 26-СЕНТЯБРЫНДА** «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын алкагында мектеп окуучулары тарабынан тартылган адам укуктары темасындагы видео роликтер дагы көрсөтүлдү.

Мектептин окутуучулары искусствонун тили аркылуу окуучуларды адам укуктары темасына көңүл бурдуруунун маанилүүлүгүн баса белгилешти. Көрүүчүлөр видео роликтердин мазмунунда камтылган адам укуктары маселелерин талкуулашып, аны чечүүнүн жолдорун издешти жана жеңүүчүлөрдү куттукташты.









## 2011-жылдын 28-сентябрындагы мектеп программасынын видео роликтеринин мааракелик Фотоколлажы













Мектеп программасынын координатору Лира Исмаилова залдагы талкуу учурунда











# Атайын программанын алкагындагы көрсөтүүлөр

“ «Бир Дүйнө Кыргызстан» эл аралык фестивалынын атайын программасынын алкагында. Кино үйү, Сентябрь, 2011









# Фестивалдын жабылыш аземинен фотоколлаж



Алижан Насиров Жаштар конкурсунун жеңүүчүсүн жарыялап жатат



Елена Воронина улуттук конкурстун жеңүүчү тасмасын жарыялоодо



Полина Степаненко Алеся Беляцкий тууралуу маалымат берип жатат




Алмакан Найзабекова Нурлан Разакуловго диплом жана сыйлыгын тапшырып жаткан учуру



Кымбат Абылгазиева жеңүүчү тасманы жарыялап жатат



Дарья Сытенкова «Фестивалдын ачылышы» номинациясында атайын сыйлыкка ээ болду



Таалайбек Исаев көрүүчүлөрдүн өзгөчө назарына ээ болуп, сыйлыкка арзыган тасманы жарыялап жатат



Азим Акматов жеңүүчү тасмага диплом ыйгарып жатат



Мирьям Леузе жана белгилүү драматург Казат Акматов эл аралык конкурстун жеңүүчү тасмасын жарыялап жатат



«Бир Дүйнө Кыргызстандын» курамы, чет элдик коноктор жана калыстар тобунун мүчөлөрү



Сржан Серенакка «Эң мыкты режиссура үчүн» сыйлыгын тапшыруу учурунда




Чинара Айтбаева жана Абдулаим Мамадалиев



Эл аралык конкурстун жеңүүчүсү Джо Тунда Ва Мунга



# Талас шаарындагы көрсөтүүлөр

**2011-ЖЫЛДЫН 4-5-ОКТЯБРЫНДА** «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын аймактардагы турнеси Талас жергесинен башталды. Бул жердеги фестивалдын ачылыш аземине Талас областынын элдик губернатору Койсун Курманалиева, Талас шаарынын мэрии А.Кушубаков, КРнын Омбудсменинин Таластагы бөлүмүнүн башчысы А.Момунтаева, мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү, студенттер жана мектеп окуучулары катышышты. Көрсөтүүлөр «Кырк Чоро» кинотеатрында болуп, ага 700 көрүүчү келди



Таластык жаштар талкуу учурунда



Талас областынын элдик губернатору Койсун Курманалиева

# Ат Башы аймагындагы көрсөтүүлөр

**2011-ЖЫЛДЫН 7-8-ОКТЯБРЫНДА** «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын турнеси Нарын жергесинин Ат Башы жана Ак Муз айылдарында сапарын улады. Ачылыш аземинде Ат Башы райондук мамлекеттик администрациясынын акиминин орун басары А.Шаршеналиева, Жаштар бөлүмүнүн жетекчиси А.Ражапаев, райононун башчысы Д.Дооткулов, мектеп администрациясынын өкүлдөрү өздөрүнүн учурашуу сөздөрүндө көрүүчүлөрдү куттукташты. Эки күндүк көрсөтүүлөрдүн учурунда тасмалар 925 көрүүчүнү кучагына алды.

Көрүүчүлөрдүн өзгөчө назарын дал ушул Ат Башы жергесинде балалыгын өткөргөн, Кыргызстандын эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин «Отко чуркаган бала» (режиссеру Б.Турдубаев, айтыш-фильм) жана Йэнекал Тамраттын (Эфиопия, 2010г.) тасмалары бурду.













## Балдар тасмалар тууралуу:

“

Мага фестивалдын идеясы абдан жакты, биз тасмалар аркылуу жеке эле биздин өлкөдөгү адам укуктарынын тебелеген көрүнүштөрүн эмес, башка өлкөлөрдөгү абал тууралуу дагы кабардар болдук. «Сатылган балдардын тарыхы» тасмасы мени аябай ойго салды, мен буга чейин укук бузуу көрүнүштөрү тууралуу ой-жүгүртүп көрбөптүрмүн жана бизде кандай жакшы экендигин түшүндүм. Биз дайыма биздин ата-энелерибизге ыраазычылык билдирип, жана да, бизде билим алууга мүмкүнчүлүк бар экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

«Куру кыял» тасмасы мени компьтердик көз карандуулукка кабылуу тууралуу ой-жүгүртүүгө мажбур кылды. Биз мындан ары компьтердик технологиянын терс жактары бар экендигин дагы эске алып, интернетти өнүгүү багытындагы жана билимибизди кеңейтүү жаатына колдонууга аракеттерибизди көрүшүбүз зарыл деп ойлойм.

Мага «Өтүкчү» тасмасы өзгөчө таасир калтырды. Мен үчүн бул - жигитчиликтин жана бекемдиктин мисалы. Мен баардыгынан да тасманын башкы каарманы Бакыт Мамбетакуновдун аялына ыраазычылыгымды билдирип кетким келет. Ал ага өзүнүн тагдырын арнап, анын кемчилдигине карабай, анын жардамчысы болуп калды. Бакыт жана анын жубайы бактылуу. Ушундай адамдар көп болсо экен…

Тасмаларды көргөндөн кийин мен, «Биз Кыргызстанда жакырчылыктын айынын балдарды сатууга же кыздарды калың үчүн берүүгө эч качан жол бербешибиз керек» - деп ойлодум. Ал эми, мунун баардыгы биздин өзүбүздөн көз каранды, анткени – Биз Кыргызстандын келечегибиз…

# Каракол жана Балыкчы шаарларындагы көрсөтүүлөр

“

**2011-ЖЫЛДЫН 4-ОКТЯБРЫНАН 8-ОКТЯБРЫНА** чейин «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын кезектеги турнеси Ысык Көл областынын Каракол жана Балыкчы шаарларында улантты. Каракол шаарында фестивалды вице-мэр Орозова Гульназ ачты. Ал шаардын тургундары жана жаштар үчүн фестивалдын өзгөчө мааниге ээ экендигин, алар адам укуктарын сактоо маселелерин даректүү тасма аркылуу түшүнүшүп, аны чечүүнүн жолдорунун талкуулоонун ролу чоң экендигин баса белгиледи.

Каракол жана Балыкчы шаарларындагы көрсөтүүлөргө жалпы 1950 көрүүчү келген. Талкууларга өзгөчө катышкан жаштарга жана студенттерге футболкалар, значок, буклет жана постерлер белекке берилди.

Көрүүчүлөрдүн арасында тасмаларды көрүүгө бул жылы экинчи жолу келгендер да болду, мындан сырткары, фестивалдын достору, ыктыярчылары дагы келишип, кубануу менен жардамдашып жатышты.









## Фестивалдын аймактардагы турнелеринин фотоколлажы










# Ош шаарындагы көрсөтүүлөр

**2011-жылдын 11-12-октябрында** «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын даректүү тасмалары Ош шаарынын ири кино театрларынын бири – «Семетей» кинотеатрында болуп өттү. Ош областтык Кинодирекциясынын башчысы Сарыбаев Адылбек өзүнүн учурашуу сөзүндө даректүү тасмалардын адам укуктарынын сакталышын алдыга жылдырууда, жаштарды патриоттуулукка жана нравалык жактан бийиктикке тарбиялоологу ролун баса белгилеп өттү. Көрсөтүүлөргө шаар тургундарынан, жаштардан, студенттерден жана окутуучулардан турган 980 көрүүчү катышты. Көрүүчүлөрдү назарын өзгөчө «Манастын төрөлүшүн утурлап» (реж. Нурбек Эген) жана «Өтүкчү» (реж. Нурлан Разакулов) тасмалары бурду.









# Жалал-Абад шаарындагы көрсөтүүлөр




**2011-ЖЫЛДЫН 14-15-ОКТЯБРЫНДА** даректүү тасмаларды көрсөтүү Жалал Абад шаарынын Т.Тыныбеков атындагы филармониясында уланды. Фестивалдын конокторун Жалал Абад шаарынын мэринин орун басары К.Жолдошбаев куттуктады.

Даректүү тасмалардын фестивалы мамлекеттик эмес уюмдардын мүчөлөрүнүн, мэрия кызматкерлеринин, студенттердин, жаштардын, жөнөкөй жарандардын курамынан турган 800 көрүүчүнү кучагына алды. Алардын баардыгы тасмалар боюнча талкууларга активдүү катышышты.








## Жалал Абад шаарындагы фестивалдын көрсөтүүлөрүнүн Фотоколлажы












# Исфана шаарындагы көрсөтүүлөр

Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын көрсөтүүлөрү Баткен жергесинин Исфана шаарында 2011-жылдын 17-18-октябрында өз турун улантты. Көрсөтүүлөр Исфана шаарынын маданият үйүндө уюштурулду. Фестивалдын атайын ачылышында Лейлек районунун акиминин орун басары Марипа Ташболотова учурашуу сөзүн сүйлөп, фестивалдын уюштуруучуларына алыскы райондор алардын көз жаздымында калтырбагандары үчүн, адам укуктарынын коргоо жаатында, аны элдердин искусство аркылуу түшүнүүлөрүнө көмөк көрсөткөндөрү үчүн ыраазычылык билдирди. Аймакта фестивалдын аудиториясы 351 көрүүчүнү камтыды, алар, мамлекеттик эмес уюмдардын мүчөлөрү, окуучулар жана жөн гана кайдыгер эмес жергиликтүү тургундар болду.












# Чкаловск шаарындагы көрсөтүүлөр (Таджикистан)

“Бир Дүйнө Кыргызстандын» Таджикистан, Чкаловск шаарындагы көрсөтүүлөрү. Фестивалга шаардык орто мектептердин мугалимдери жана окуучулары катышышты. Мугалимдердин пикири боюнча, Кыргызстандан келген даректүү тасмалар «таза абанын бир жутум тамчысындай» элес калтырат, алар адам укуктарынын корголушу жөнүндө талкууларга негиз берип, ойлонууга мажбурлайт. Катышуучулар келечекте Чкаловск шаарындагы фестивалдын географиялык түзүмүн мындан дагы кеңейтүүнү сунушташты.













Таджикистандагы көрсөтүүлөрдүн фотоколлажы






«Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын алкагында өнөктөштөргө сыйлык тапшыруу - «Бир Дүйнө Таджикистан», 20.11.2011. Чкаловск шаары











# Худжент шаарындагы Тегерек стол

**2011-ЖЫЛДЫН 22-ОКТЯБРЫНДА** Таджикистандын Худжент шаарында «Бир Дүйнө Таджикистан – Бир Дүйнө Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалынын алкагындагы диалог» темасындагы тегерек стол болуп өттү. Тегерек столдун катышуучулары – Кыргызстандык жана Таджикстандык кино режиссерлор, Согдий областынын Маданият башкармалыгы- Кыргызстандагы жана Таджикстандагы адам укуктарынын корголушу маселелерин, анын абалы, аны чечүүдө коомерциялык эмес уюмдардын, документалисттердин ролу, «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын алкагындагы кызматташуунун жемиштүү жактары тууралуу талкуулашты.

Тегерек стол «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын Таджикистандагы өнөктөшү – «Согд» билим берүү программаларынын жана искусство борбору тарабынан уюштурулду.








Абид Назаров, Таджикистандын Согдий областынын Маданият башкармалыгынын кызматкери» «Жарандар коррупцияга каршы» Укук коргоо борборуна адам укуктарын коргоо иштерин илгерилетүүгө кошкон салымы үчүн диплом тапшырып жаткан кези












«Адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын V эл аралык фестивалынын алкагындагы диалог» темасындагы тегерек столдон Фотоколлаж, Таджикстан, Худжент шаары















«Согд» билим берүү программаларынын жана искусство борборунун директору Хакимов Наим Ганиевич;
Орзу Шарипов Душанбелик кинорежиссер, Таджикистан






Якоб Пройс, Германиялык режиссер, «Бир Дүйнө Кыргызстан»
менен чогуу Худжент шаарында

# Табошар шаарындагы көрсөтүүлөр



Якоб Пройс, немец режиссеру Табошар шаарында «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын алкагында «Экинчи «Челси» - Донецк шаарынан бир окуя» тасмасын көрсөтүү учурунда

**2011-ЖЫЛДЫН 21-ОКТЯБРЫНДА** Таджикистандын Табошар шаарында «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын алкагында немец режиссеру Якоб Пройстун «Экинчи «Челси» - Донецк шаарынан бир окуя» тасмасы көрсөтүлдү. Тасманын акырында көрүүчүлөр режиссерго тасманын жаратылыш тарыхы, анын жеке чыгармычылыгы тууралуу суроолорду беришип, талкуулашты. Якоб Пройско ушул сыяктуу эле, Таджикистан тууралуу тасма тартуу сунушу дагы болду.









# Эксперттер фестиваль тууралуу




## Садыр уулу Жумагазы, ОО «Арыш»

«Арча Бешик», «Ак Жар», «Алтын Казык», «Адилет», «Ак Бата», «Ала Тоо», «Ак Босого», «Ак Бата» жаңы конуштарынын фестивалдын көрсөтүүлөрүнө катышкан 328 жашоочусунан сурамжылоо жүргүзгөн, алар өз ой-пикирлерин төмөндөгүдөй билдиришкен:

Фестиваль тандап алган баардык тасмалар мактоого арзыйт. Бизди жаштардын маселелерин чагылдыруу үчүн изденген биздин биздин режиссерлордун жетишкендиктери абдан кубантты. Сюжеттер үч теманы камтыган – айылдын жашоосун, шаардын жашоосун жана акыркы окуяларды. Бул тасмалардан көрүүчү издөөдөгү «али табыла элек» идеологияга баа бере алат. Биз биздин көрүүчүлөр жана режисселор эл аралык сюжеттерге сын көз караш менен карабастан, тескеринче, өз тажрыйбаларын, кругозорлорун кеңейтишип, биздин өлкөдөгү маселелер тууралуу ошондой сюжеттерди жаратышса. Ал эми биз, фестивалдын уюштуруп келген «Жарандар коррупцияга каршы» укук коргоо борборуна келечекте өнүгүүнү жана биздин маданияттын өнүгүшүнө салымын кошо берүүсүн каалайбыз.

## Таалайгуль Сабырбекова, Наргиза Бакирова, ОФ «Эргэнэ»

«Мени 50 койдун акысына баалашты» тасмасынын сюжети, абдан курч, бүгүнкү күндө ушундай 10 жаштагы кызды аял катары алуу сыяктуу жапайычылык бар экендигине ишенүү кыйын. Көрүүчүлөрдүн көпчүлүгү таң калычтуу абалда экендиктери байкалып турду. Бир кыз сөз алып, абдан эмоциялуу түрдө Кыргызстанда жашап калганына сүйүнүп жаткандыгын билдирди. Албетте, баардык нерсеге салыштыруу аркылуу баа бериш керек. Биз билебиз биздин өлкөдө адам укуктарынын корголушу жаатында маселелер бар, бирок, Афганистанга салыштырмалуу жакшы деп айтсак болот. Бул тасма коңгуроо сыяктуу, адам укуктары коргоо жана согушка жол берүү эмнеге алып келери тууралуу айтып жатат.



## Мирриам Леузе, «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын эл аралык конкурсунун мүчөсү, журналист, режиссер, Германия

Качан мен 2009-жылы «Бир Дүйнө» фестивалына Нарын жана Ат Башы аймактарында катышканымда, мен даректүү тасмалардын күчүн жана таасирин түшүндүм. Эмнеге? Мен элдер күнүнө он театрдан 40 тан ашуун тасмаларды тандап көрүүгө мүмкүнчүлүгү бар Германияда/ Келнинде жашайм. Мындай шартта даректүү тасмалар маалыматтар шарындай болгондой элес калтырат. Мына ушундай маалыматтарга бай чөйрөдөн чыгып, Толекан Исмаилова жана анын чыгармачылык тобу менен маалымат аз, маалыматтын жалгыз гана булагы - Улуттук телеканал болуп саналган Кыргызстандын айыл жергесине барганда, башка планетага түшүп калгандай сезимге кептелдим. Даректүү тасмалар аркылуу дүйнө жөнүндө түшүнүгү башка элдерди жолуктуруу, дүйнө жөнүндө башка көз караштарды угуу жана көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу – бул эң баалуу нерсе экендигин, бул нерсе элдердин ой-жүгүртүүсүн, жашоо образын өзгөртө ала тургандыгын мен капыстан түшүндүм. Мен келечектеги режиссер-документалист катары «Бир Дүйнө» фестивалынан бир топ эргүү алдым. Ооба, мен Нарында жана Атбашыда байкагандай, даректүү тасмалар адамдарга эргүү тартуулайт, алардын жашоосун жакшы жакка өзгөртө алат. Бул фестиваль - мына ошонусу менен өзгөчөлүү.



## Рама Рау, кинорежиссер, Канада

Сиз кайда гана жашабаңыз Мамлекеттин коррупцияга малынышы көнүмүш адатка айланып калгандай. Тоолуу өлкөдөгү чыгармачыл адамдардын кичине тобу мамлекеттеги мына ушу көйгөйгө каршы туру үчүн чогулганы фестивалга көрк бергендей. Тасмалар адамдардын жашоосун өзгөртүп, алардын жаңы кадам таштоосуна шык бере алат.

## Карипова Аида, «Социум» Коомдук Бирикмеси

«Куру кыял» тасмасы көтөргөн маселе Кыргызстан үчүн абдан маанилүү Азартка берилүү – республиканын жашоосунда жайылып бараткандай, бул маселени мамлекеттик деңгээлде чечүү , оюн-зоок имараттарын жабуу талабы турат. «Жаштардын маселелери» тасмасынын актуалдуулугу дагы абдан жогору. Себеби, жаштардын маселелери негизги деп табылып, улуттук деңгээлде көтөрүлүп, чечүү жолдору каралып жатат. Тасманы жаштар темасындагы изилдөө катары дагы караса болот,себеби, тасманын авторлору тарабынан аларга байланыштуу приоритеттүү маселелер айтылып өтөт.

## Калия Молдогазиева, “Древо жизни” Коомдук фонду



«Байлык кетет – жакырчылык калат» тасмасынын тематикасы көрүүчүлөрдүн кызыгуусун жаратты, алтын чыккан жерлерди иштетүүдөгү экологиялык жана социалдык маселелер тууралуу Кыргызстандын жашоочулары кабардар эмес. Мага эксперт катары төмөндөгүдө суроолор түшүп жатты: Алтын иштетүү эмнеси менен кооптуу?, Цианид эмнеси менен зыян? Жашоочулар алтын комбинатынын курулушу пландалып жаткандыгы тууралуу маалыматтарды кайктан ала алышат? ж.б. Мен алтын иштетүү комбинаттарынын курулушу жаатындагы экологиялык процедуралар жана маалымат алуунун жолдору тууралуу айтып бердим жана Кыргызстандын алтын өндүргөн жерлери боюнча практикалык мисалдарды келтирип өттүм.




# Фестивалдын ыктыярчылары

Бул жылы «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалы, фестивалдын идеясын жана баалуулуктарын кош колдоп колдогон, анын өткөрүлүүсүнө кол кабыш кылган жаш ыктыярчылардын тобун кучагына алды. Биз Кыргызстандын ар кыл аймактарындагы, ар кыл окуу жайларындагы, мамлекеттик эмес уюмдардагы ыктыярчыларыбызга чын жүрөктөн ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Бул жерде айрымдарынын гана сүрөттөрү берилген, бирок, Сиздердин көп экениңиздер бизди абдан сүйүндүрөт жана фестивалдын өнүгүшүндө ар бириңиздердин ордуңуздар өзгөчө жана баа жеткис!

Биз өзгөчө сыймык менен биздин аймактардагы өнөктөштөрүбүзгө ыраазычылык билдиребиз:

— Сергея Высоцкий жана Каракол шаарындагы ыктыярчылар тобу;
— Кутманбек Жеенбаев жана Балыкчы шаарындагы ыктыярчылар тобу;
— Сулаймана Усенова жана Ош жана жала Абад шаарларындагы ыктыярчылар тобу;
— Халича Мусаева жана Нарын областынын Ат Башы айылындагы ыктыярчылар тобу;
— Момунтаева Арзыкан, Шамил Мурат жана Талас областынын Талас шаарынын ыктыярчылар тобу;
— Байыша Абдыбеков жана Нарын областынын Ак Муз айылындагы ыктыярчылар тобу;
— Аиды Набиева, Жанатай Асанова, Заффара Хазраткулова жана Каракол шаарындагы ыктыярчылар тобу;

**Биз Сиздер менен сыймыктанабыз жана 2012-жылы Сиздерди фестивалда күтөбүз!**

| | |
|---|---|
| **К. Карасаев атындагы БГУ** | **12 ыктыярчы** |
| **Дипломатиялык Академия** | **10 ыктыярчы** |
| **И.Арабаев атындагы КМУ** | **12 ыктыярчы** |
| **Ж.Баласагын атындагы КУУ** | **11 ыктыярчы** |
| **КМЮА** | **11 ыктыярчы** |
| **АУЦА** | **10 ыктыярчы** |











**Долбоор Евро Биримдик тарабынын каржыланат**

**Жана**

**Организаторы и партнеры**

Чехиядагы «Еден Свет» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын ири фестивалынын бир бутагы болгон «Бир Дүйнө Кыргызстан» даректүү тасмалардын эл аралык кинфестивалы бул жылы өзүнүн беш жылдык маарекесин белгиледи.

Биздин фестивалдын өзгөчөлүгү – коомдун ар кыл катмарларынан эң көп сандагы көрүүчүлөрдү кучагына алгандыгында, алар, жөнөкөй жарандар жана белгилүү саясатчылар, белгилүү эксперттер жана документалисттер, режиссерлор жана кино сынчылар, баардыгы биригип адам укугун коргоо темасында сүйлөшө алышат. «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалы бул жылы 15 534 көрүүчүнү кучагына ала алды, фестиваль көрүүчүлөрдүн социалдыки саясий жана экономикалык контексттер аркылуу сын көз караштары аркылуу адам укугун коргоонун маанилүүлүгүн түшүндүрүү аркылуу адам укуктарын жана анын экркиндиктеринин сакталышын илгерилетүү максатына жетти деп биз ишенебиз.

Бишкек шаарындагы, Кыргызстандын аймактарындагы, Таджикстандын үч шаарындагы (Ташбошар, Худжант, Чкаловск) көрүүчүлөр - адам укуктары темасындагы пикир алмашууларга активдүү тартылып жатышты, маселелерди жана кыйынчылыктарды тынчтык жолу  менен чечүү жолдору тууралуу талкуулар жана дискуссиялар болуп жатты.

«Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалы, фестивалдын миссиясын чын дилден колдогон өнөктөштөрдүн колдоосунда ийгиликтерге жетише алгандыгына биз ишенебиз.

Биз Европа Биримдиги жана Хивос-Маданиятка алардын Кыргызстандагы адам укуктарынын корголушуна жана демократиянын өнүгүшүнө адам укуктары боюнча кино фестивалды финансылык жаткан каржылоо аркылуу кошкон салымдары үчүн терең ыраазыбыз.

Биз өнөктөшүбүз «One World го (Прага)» фестивалды ишке ашырууда көрсөткөн көмөгү үчүн, ошондой эле, КТРК га жана «Азаттык» радиосуна «Бир Дүйнө Кыргызстан» фестивалынын даректүү тасмаларына катышуучуларына эфирдик мүмкүнчүлүк берүү, фестивалдын видеороликтерин үч тилде жарыялоо аркылуу фестивалдын өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Өзгөчө ыраазычылыкты биз, КРнын Президентинин Аппаратына жана жеке Роза Исаковна Отунбаевага, Билим берүү жана Илим Министрлигине, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик Киномотография агенттигине фестивалды кош колдоп колдогондору үчүн ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Ошондой эле, Кыргызстандагы АКШ нын Өкүлчүлүгүнө жана ОБСЕ эл аралык уюмуна фестивалды финансылык жана моралдык жактан колдоо аркылуу Борбордук Азиядагы адам укукгун коргоо көпүрөсүн искусство аркылуу түзгөндүгү үчүн ыраазычылык билдиребиз.

Албетте, биз үчүн өнөктөшүбүз Таджикистандагы «Согд» билим берүү программаларынын жана искусство борборуна, жергиликтүү өнөктөштөргө – Маданият жана Искусствонун Борбор Азиялык түйүнүнө», «Айтыш фильм» Коомдук фондуна, «Арыш» Коомдук Бирикмесине, «Эгль» , аймактардагы өнөктөштөрүбүз Арзыкан Момунтае¬ва, (Талас), Сергей Высоцкий (Каракол), Халича Мусаева (Атбашы), Байыш Абдыбеков (Акмуз), Курманбек Жээнбаев (Балыкчы), Сулайман Усенов (Ош, Джалал-Абад), Аида Набиева (Исфана) ыраазычылык айтуу биз үчүн сыймык.

Биз сыймыктануу менен, Бишкектеги жана аймактардагы мугалимдердин жана журналисттердин, студент-ыктыярчылардын өзгөчө салымдарын дагы баса белгилеп кеткибиз келет, алар фестивалдын эл аралык масштабда уюштурулуусуна жана өткөрүлүүсүнө салымдарын кошуп, анын көлөмүнүн жогорку окуу жайлары, унивеситеттер жана мектептер аркылуу кеңейишин улантып жатышат.


Баардык конокторго, режиссерлорго, кино сынчыларга жана калыстар тобунун мүчүлөрүнө башыбызды ийип таазим этебиз, өзгөчө алкыш белгилүү кино сынчы Гульбара Толомушевага!

Урматтуу өнөктөштөр, Кыргыз Республикасындагы пюралисттик жана сабырдуу коомдун өнүгүшүнө, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин ыйык экендиги боюнча сезимдердин түптөлүшүнө моралдык жана финансылык жардам көрсөтүү аркылуу кошкон салымдарыңыздар үчүн терең ыраазыбыз жана дагы келечекте Кыргызстандын, баардык региондордун туруктуу өнүгүшү үчүн келечекте кызматташууну уланта беребиз деген терең ишеничтебиз!

**Толекан Исмаилова, «Бир Дүйнө Кыргызстан» директор,**

**Фарида Абдылдаева, Фестивалдын координатору**
**«Бир Дүйнө Кыргызстан» Чыгармачыл тобу**

## «Бир Дуйно Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын эл аралык фестивалынын демөөрчүлөрү



# «Бир Дуйно Кыргызстан» адам укуктары боюнча даректүү тасмалардын эл аралык фестивалы

## «Бир Дуйно Кыргызстан» фестивалынын чыгармачыл тобу Сиздерди 2012 –жылдын сентябрында күтөт:

**Биздин өнөктөшүбүз болуңуз!**

**Биздин ыктыярчыбыз болуңыз!**

**Биздин активдүү көрүүчүбүз болуңуз!**

**Демөөрчүлөргө жол ачык!**

**Фестивалдын активдүү катышуучусу болуңуз!**

## “Бир Дүйнө Кыргызстан” Фестивалы – ар бирибиз үчүн!

**«Жарандар коррупцияга каршы» укук коргоо борбору**

Бишкек ш. , Исанова көч. 8-б

тел: +996 312 314238

e-mail: office@anticorruption.kg
www.anticorruption.kg